***Бийгелдиева Н.А.,***
*С.Нааматов атындагы НМУ*
***Карбекова Н.Р.,***
*И.Арабаев атындагы КМУ*
***Бийгелдиева К.А.,***
*К.Карасаев атындагы БГУ*

# МЕКТЕПТЕРДЕ ЖАЛПЫГА МИЛДЕТТҮҮ ЖЕТИ ЖЫЛДЫК БИЛИМ БЕРҮҮДӨН ОРТО БИЛИМ БЕРҮҮГӨ ӨТҮҮ МЕЗГИЛИНДЕГИ КЫРГЫЗ ТИЛИНИН ОКУУ ПРОГРАММАЛАРЫНДА КЕПТИ КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮККӨ БАГЫТТАП ОКУТУУНУН ЭЛЕМЕНТТЕРИ

***(1944-1954-ЖЫЛДАР)***

1944-жылы түзүлгөн “Толук эмес орто жана орто мектептердин V-IX класстар үчүн кыргыз тилинин программасынын” түшүнүк катында бул предметти ийгиликтүү өтүү ишинин сапатын көтөрүүдөгү ардактуу милдет жана жоопкерчилик мугалимдин мойнуна жүктөлөт. Программаны өтүп жатканда, мугалим биринчи иретте программанын негизинде коюлган шарттарды эске алышы керек. Мугалимдин өзүнүн алдындагы милдетти ийгиликтүү аткарышын анын ар түрдүү метод колдоно билүүсү себеп болот. Грамматиканы, б.а. фонетика, морфология жана синтаксисти өтүп жатканда, эң эле ылайыктуу болгон методду таба билүү, ошону менен кээ бир сөздөргө тарыхый текшерүү жүргүзүүнү билүү мугалимдердин милдети болуп саналат. Кыргыз тилин үйрөнүү менен мугалим окуучуларды сабаттуу жазууга ээ кыла тургандыгын эстен чыгарбоо керектиги, тил илими жөнүндөгү фактылар илимий база негизинде системалуу так аныктамалар менен так айтылып өтүлүүгө тийиштиги айтылат.

“Тилдин формасы анын мазмунунан ажыроого мүмкүн эмес жана өзүбүздүн речибизден формасын ажыратып кароо да мүмкүн эмес. Сөз өзүнүн маанисин сүйлөм тизмегинен алат.

Биз тилди үйрөнүү менен, өзүбүздүн оюбуздун лабороториясына кошулабыз. Ошондуктан ар бир сөз текшерилгенде тышкы тыбыштык гана көрүнүшүнө карап текшерилбестен, сүйлөм тизмегинд маанисин карап текшерүүгө тийиш.

Тилдин кайсы доордо кандай формада жана кандай мазмунда болгондугун, кандай иш менен өскөндүгүн жана мындан ары кандай өсө тургандыгын лингвистикалык анализ айкын түшүндүрөт. Ошондуктан сөздү азыркы учурдагы гана көрүнүшү менен эмес, аларды тарыхый жагынан да текшерип кароо керек. Тилге семантика (маани) жагынан жана тарыхый өсүш жагынан карап текшерүү оозеки тил менен грамматиканын ортосунда болгон үзгүлтүктөрдүн жоюлушуна алып келет. Кыргыз тилинин грамматикалык бөтөнчө сөздүгүн үйрөнүү үчүн, анын сөз байлыктары гана материал боло алат”, - деп программада белгиленген [6, 35-б.]. Бул программада кыргыз тили үчүн 5–класска 204 саат, 6–класс үчүн 170 саат, 7–класска 119 саат, 8–класска 34 саат, 9-класска 34 саат бөлүнгөн, өтүлгөндөрдү кайталоо үчүн, 8–9 класстарга 6дан саат берилет да, айрым темаларды өткөндөн кийин мугалим тийиштүү контролдук иштерди жүргүзүүгө тийиш экендиги белгиленген. Байланыштуу кеп үчүн так саат бөлүнгөн эмес. 5–класстын өтүлгөндөрдү кайталоосунун 10 саатынын ичине иш кагаздары 6 арыз, справка, токтом: андагы көп кайталануучу сөздөр, анкета толтура билүү, кыскача план түзө билүү гана көрсөтүлгөн. “Адабияттык окуу, тил сабагында да өтө чоң жардам берип, айрыкча жазуу жөнүндө да, оозеки түрдө оюн башкаларга так жана стиль жагынан туура байланыштырып айтып берүү ишине көнүктүрөт деп көрсөтүлгөн. Маданий речке көнүгүү үчүн биздин окуучулар маданияттуу сүйлөөгө, жазууга ээ болууда адабият илиминен билим алуусу зарыл. Адабияттык окуу сабагында окуган жана текшерилген адабият чыгармаларын, жомокту, ырларды, анализ кылуу (жеке, коллективдүү түрдө, класста жана класстан тышкаркы окуулар, план, балдар менен аңгемелешүү, изложение ж. б.) иштин келечекте жакшы болушу үчүн көп материалдар берет.

5–7–класстын окуучулары оозеки жана жазуу жүзүндөгү техниканы берүүнү билүү менен бирге, окуганын кыскача оозеки айтып берүүнү жана маанилүү кылып план түзүүнү, ойдон жазууну, мүнөздөөнү ж.б. билүүсү керек.

**1948-жылдагы** кыргыз тилинин жана адабияттык окуунун программасында байланыштуу кепке бөлүнгөн сааттардын көпчүлүгүнө карабастан, грамматиканы окутууга өзгөчө көңүл бурулган.

Кыргыз тили жана адабияттык окуу сабагынын программасы “Жети жылдык жана орто мектептердин 5–7–класстары үчүн” Фрунзеде, “Кыргызмамбас” басмаканасында **1949–жылы** басылып чыгарылып, анда кыргыз тили үчүн грамматика, орфография жана жазуу белгилери каралган.
Түшүнүк катында: “Мектепте окутула турган илимдердин ичинен кыргыз тили айрыкча орунду ээлейт, анткени – кыргыз тилинен чын жана жакшы билимдүү болуу – башка илимдерди терең өздөштүрүүгө жол ачат. Ошондуктан, тил мугалимдеринин мойнуна жүктөлгөн милдет өтө зор. Алар тил сабагын окутуунун сапатын эң жогорку баскычка коюуга жетишүүлөрү тийиш”, - деп айтылат.

“Кыргыз тилинин грамматикасын окутканда, мугалимдер тил программасынын негизи болгон эки маселени эстен чыгарбоо зарыл:

1. Жети жылдык мектептерде жана орто мектептерде окутула турган практикалык грамматика жалпы тил таануу илиминин бир тармагы. Ошондуктан, практикалык грамматиканы окутканда, аны тил таануу илимине байланыштырып, илим негизинде тереңдетип окутуп, тилдин айрым анык-тамалары ачык, так, ырааттуу түрдө балдардын эсине түшөрлүк кылып берилиши керек.

2. Тилдин формасын тилдин маанисинен ажыратууга болбойт. Грамматикалык эрежелерди окутканда, бир эле сөздүн түрдүү речь тизмегинде ар түрдүү маани берери жакшы түшүндүрүлүшү керек. Тилди жана анын ар түрдүү грамматикалык закондорун жеткилең үйрөнүү аркылуу, биз өз оюбузду терең өстүрүп жана сүйлөгөн сөзүбүздүн ачык, так болушуна жетишебиз. Ошондуктан, акыл–ойду өстүрүүдө тилди окуунун мааниси өтө зор” (1949).

Программада айтылгандай, байланыштуу кеп жалпы тил таануу илиминин бир тармагы экендигин баса белгилеп, кеп, тил, тексттин өз ара байланышта окутушун талап кылат. Бул орто мектепте байланыштуу кепти компетенттүүлүккө багыттап окутуунун зарылдыгынан кабар берет.

Анда кыргыз тилинен жана адабияттык окуудан сабак берүүчү мугалимдин карамагына окуу планынын сеткасы боюнча берилген жумалык саат-тар адабияттык окуу менен кыргыз тилине болжол менен төмөнкүчө бөлүнгөн:

а) 5-класста жумасына 7-8 саат ( 1-жарым жылдыкта жумасына 8, 2-жарым жылдыкта 7 саатан ), мындан адабияттык окууга жумасына 2-3 саат берилет;

б) 6-класста жумасына 5-6 саат, мындан адабияттык окууга жумасына 2 саат берилет;

в) 7-класста жумасына 5 саат, мындан адабияттык окууга жумасына 2 саат берилет. Класстар боюнча жана окула турган предметтер боюнча жумалык саат-тардын жогорудагы бөлүнүшүнө ылайык, мугалим окуу программасы боюнча өтүлө турган материалдарды пландоого тийиштиги айтылат. Өтүлө турган түрдүүчө сөз өстүрүү жумуштар кыргыз тилинде болсун, адабияттык окууда болсун айрым бөлүмдөрдү өтүүгө көрсөтүлгөн саат-тардын эсебинде өтүлөт. Айрыкча жазуу жүзүндө өтүлө турган көнүгүү жумуштарына ( жат жазуу, изложение, ойдон жазуу) мугалим өтө көңүл буруугa тийиштиги белгиленет.

Программада кыргыз тили үчүн 5-класска 167 саат бөлүнгөн, анын ичинен иш кагаздары, арыз, справка, токтом, андагы көп колдонулуучу сөздөр. Анкета толтура билүү. Кыскача план түзө билүү.Өткөндөрдү кайталоого 10 саат берилген. 6-класс үчүн 120 саат бөлүнүп,өткөндөрдү кайталоого 14 саат берилген. 7-класс жыл ичине 100 саат, кайталоого 13 саат берилген.

1952-54-жылдары окуучулардын байланыштуу кебин өстүрүүнүн негизги каражаты катары баяндама менен дилбаянга көңүл бөлүнгөн. Ошол убакта жарык көргөн окуу китептеринде да, фонетика жана морфология маселелери гана көтөрүлүп, сөз өстүрүү жумуштары каралган эмес.

Адабияттык окуу сабагында биз иштин эки түрүн үйрөтөбүз: окуучунун речин өстүрүү жана билим алуу ошону менен бирге чыгарманын стилистикалык бөтөнчөлүгүн үйрөнүү жактарын көрөбүз” [6, 35-б.] (Толук эмес орто жана орто мектептер үчүн**.** Кыргыз тили. Грамматика, орфография жана пунктуация 5-9-класстар үчүн. Фрунзе, Кыргызмамбас 1944. 35 бет.) Демек, эне тил сабагыбы же адабияттык окуу сабагыбы окуучунун оозеки жана жазуу кебин өстүрүүнү жана байытууну максат кылса, предмет аралык байланышты сактоону колго алуусу зарыл деп белгиленгендигин байкоого болот. Прграмма боюнча колдонулган адабияттар төмөнкүлөр болгон:

***Адабият***

1. Бакеев. Кыргыз тилинин морфологиясы (толук эмес орто мектептер үчүн).
2. Асылбеков. Грамматика I бөлүк (педагогикалык окуу жайлары үчүн).
3. Актанов, Макешов, Бакеев. Кыргыз тилинин синтаксиси (толук эмес орто жана орто мектептер үчүн).
4. Актанов. Грамматика II бөлүк (педагогикалык окуу жайлары үчүн).
5. Кыргыз тилинин жаңы алфавити жана орфографиясы.
6. Толук эмес орто жана орто мектептер үчүн**.** Кыргыз тили. Грамматика, орфография жана пунктуация 5-9-класстар үчүн. – Ф.: Кыргызмамбас, 1944.